**УДК: 34.325**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-1-242-247**

**Бакеева Б.З.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
bermet_bakeeva@mail.ru
**Анарбай кызы Ж.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БАЛДАРДЫН УКУГУН КОРГООНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Аннотация**: Балдар күнөөсүз, аялуу жана көз каранды, бирок алар бир нерсени билүүгө умтулат, күч-кубатка толуп турат жана көп нерсеге үмүт кылат. Балалык кубанычтын жана тынчтыктын, оюндун окуунун жана өсүп-өнүгүүнүн мезгили болушу керек. Балдардын келечеги гармонияга негизделип, алардын келечеги канчалык кенири болгондугуна жана алардын тажрыйба алгандыгына жараша жашоо-турмушу кыйла толук баалуу болууга тийиш.

Балдарга учурда социалдык коргоо жетишпей жатат.Эгерде алар даттангысы келсе , добуш укугун берчү жол-жоболор же аспаптар болбойт.Ошол эле маалда тартип коргоо органдарынын жоопкерсиздиги, аракетсиздиги жана сексуалдык зомбулукту жашыруу, көңүлгө албоосу мындай кылмыштардын басымдуу бөлүгүн катталбайт дегенди билдирет.Бул макалада учурдагы Кыргызстандагы балдардын укугун коргоонун көйгөйлөрү, себептери жана аны чечүүнүн жолдору талданды.

**Негизги сөздөр**: укук, балдар, мамлекет, социалдык коргоо, көйгөйлөр,зомбулук, мигранттар, ата-энелер, билим берүү

**Бакеева Б.З.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
bermet_bakeeva@mail.ru
**Анарбай кызы Ж.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ПРОБЛЕМЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ ПРАВА ДЕТЕЙ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Аннотация**: Дети невинны, уязвимы и зависимы, но они стремятся чему-то научиться, полны энергии и многого надеются. Детство должно быть временем радости и мира, игр, обучения и роста. Будущее детей должно быть основано на гармонии, и их жизнь должна быть более полноценной, в зависимости от того, насколько широким было их будущее, и от того, какой опыт они приобрели.

В настоящее время детям не хватает социальной защиты. Если они захотят подать апелляцию, не будет никаких процедур или инструментов для предоставления права голоса. В то же время безответственность, бездействие и пренебрежение со стороны органов правопорядка, скрывающих и игнорирующих сексуальное насилие, означают, что подавляющее большинство таких преступлений не регистрируется. В данной статье проанализированы проблемы, Причины и пути решения нынешней проблемы защиты прав детей в Кыргызстане.

**Ключевые слова:** права, дети, государство, проблемы, насилие, мигранты, родители, образование

**Bakeeva B.Z.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.
bermet_bakeeva@mail.ru
**Anarbai kyzy Zh.**
Master's student
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.

## PROBLEMS OF ENSURING THE RIGHTS OF CHILDREN IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Abstract**: Children are innocent, vulnerable and dependent, but they strive to learn something, are full of energy and hope a lot. Childhood should be a time of joy and peace, games, learning and growth. The future of children should be based on harmony, and their lives should be more fulfilling, depending on how broad their future was and what kind of experience they acquired.

Currently, children lack social protection. If they want to appeal, there will be no procedures or tools for granting the right to vote. At the same time, irresponsibility, inaction and neglect on the part of law enforcement agencies that conceal and ignore sexual violence mean that the vast majority of such crimes are not recorded. This article analyzes the problems, causes and solutions to the current problem of protecting children's rights in Kyrgyzstan.

**Keywords**: rights, children, state, problems, violence, migrants, parents, education

Балдар бул биздин келечегибиз. Алардын укугун коргоо биздин милдетибиз. Бугун бир баланын өмурун жоготсок эртен бир үй-бүлөнү андан кийин тукумубузду жоготобуз. Бул нерсеге жол бербеш үчүн ар бир инсан баланын тагдырын өз жоопкерчилигине алуусу зарыл. Эгерде биз Эгемендүү Кыргыз Республикасын өнүгүп-өсүүсүн кааласак, биздин келечегибиз болгон уул-кыздарды мыкты тарбиялоого жана алардын укугун коргоого аракеттенели.

Бирок көптөгөн балдар үчүн жашоонун реалдуулугу таптакыр башкача. Бул Кыргызстандын аймагында жашаган жетим балдарга, ата-энесинин камкордуксуз калган балдарга, ата-энеси мигрант болгондорго, майып балдарга, ата-энеси эркинен ажырагандарга, зомбулук көруп жаткан уул-кыздарга, ата-энеси эрте турмушка узатып жаткан кыздарыбызга тиешелүү. Мамлекетибиз бул көйгөйлөрдү чечүүгө умтулгандыгы анык. Бирок камкордукка алуу системасынын тарбиялануучулары мекемеден чыккандан кийин аларды социалдык интеграциялоо маселеси азыркыга чейин жөнгө салына элек. [1, с.9]

Андан сырткары сексуалдык зомбулук Кыргызстандагы балдар үчүн тынчсыздануунун, коркунучтун негизги себеби болуп эсептелет. Балдарга учурда социалдык коргоо жетишпей

жатат. Эгерде алар даттангысы келсе, добуш укугун берчү жол-жоболор же аспаптар болбойт. Ошол эле маалда тартип коргоо органдарынын жоопкерсиздиги, аракетсиздиги жана сексуалдык зомбулукту жашыруу, көңүлгө албоосу мындай кылмыштардын басымдуу бөлүгү катталбайт дегенди билдирет. Миңдеген кыздардын тагдыры гендердик зомбулуктан, эрте никеден жана кыздарды турмуш курууга мажбурлаган ала качуудан талкаланууда.

Кыргыз Республикабызда Балдардын укугу жөнүндө жетиштүү мыйзам ченемдүү мыйзамдар кабыл алынган.Буга Кыргыз Республикасын конститутциясы, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси, Үй-бүлө жөнүндөгү кодекси жана Баланын укуктары жөнүндөгү конвенцияга мүчө экендиги мисал боло алат. Анда эмне үчүн Кыргызстандагы балдардын абалы мышык ыйлагыдай абалда болуп турат? Менимче бул биздин баарыбыздын өлкөбүздүн балдарыбыздын келечегине болгон кайдыгерлик же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына болгон текеберлик болбосо мыйзамды түшүнбөстүк улуттук маданий салттарыбызга тарыхыбызга болгон урмат-сыйдын жоголуп баруусу. Балдарыбыздын укугунун корголушу жана сакталышы баарыбыздын мойнубузда.

Кыргыз Республикасындагы учурдагы балдардын укугун коргоонун эң негизги көйгөйлөрү төмөнкүлөргө бөлдүк:

**1. Үй-бүлөлүк зомбулук.**

Дүйнөлүк статистика боюнча, жетимдер көп зомбулукка учурашат. Себеп дегенде буларда тобокелчиликтер абдан көп. Балдар жабык мекемелерде тарбияланышат. Аларга тарбиячылар, өзүнөн улуу балдар, курдаштары тарабынан кысым болгон учурлар кездешет. Андан сырткары зордук-зомбулук биздин мектептерде абдан күч алды.

Учурда мектепке барган ар бир үчүнчү бала рекетке туш болгон. Мисалы: Нарын шаарында бир жылдын ичинде элн бир мектепте рэкеттин айынан 3 бала өз жанын кыйган.Төртүнчү бала да өз жанын кыюуга аракет кылган. Бул бизди коомчулукту абдан түйшөлтүшү керек. Үй - бүлөлөрдө зордук-зомбулукка учураган балдардын саны 72 пайызды түзөт. [2, с.4]

**2.Ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (жетим балдар).**

Коомдо өспүрүм тилемчилердин бар болушу жашоо нормасына айланып жатат. Өз алдынча жашоо үчүн ар ким ар кандай жол менен күрөшөт. Бул өспүрүмдөр кимдер? Булардын баарынын баштарынан өткөргөн күнү негизинен окшош. Алар толук кандуу эмес үй-бүлөлөрдүн, мигранттардын, аракеч ата-энелердин балдары, же балдары үйүнөн качып чыккандар. Бул балдардын баары, аларды түшүнгөн, аларга камкордук көргөн адамга муктаж. Орусияны көздөй жумуш издеп агылган мекендештерибиздин аягы жакында суюлар эмес.[3, с.7]

**3. Жашы жете электерге нике кыюу.**

Зомбулук, экономикалык көз карандылык, басынтуу, мажбурлаган жыныстык мамилелер, укугунун жоктугу-булардын баары күйөөсүнүн үй-бүлөсүндө жашы жете элек кыздын туш боло турган көйгөйлөрдүн толук тизмеси. Көп учурларда мындай никелер ажырашуу менен аяктайт жана жаш кыздарды кичинекей балдары менен үйлөрүнөн кууп чыгарышат, алар үй-жайсыз, жашоо каражатсыз калышат. Ошентип, жашы жете электердин никеси кыздардын билим алуусуна жана өнүгүп - өсүшүнө терс таасирин тийгизет, зомбулуктун ар кандай түрлөрүнө алардын, ошондой эле алардын балдарынын өмүрүнүн жана ден-соолугунун аялуу болушун жогорулатат. Жашы жете элек жубай - жаш кыз - бул мүмкүнчүлүктөрү эч качан ишке ашпай турган бала. Кыргыз Республикасында жашы жете электердин катышуусу менен болгон никелер баардык аймактарда, үй-булонун жашоо абалынын деггээлине

карабастан бардык этностук топтордо кездешет. Биздин өлкөдө жашы жете электердин никелери мажбурлап никеге тургузуу, кыз ала качуу жана көп аял алуу сыяктуу туура эмес иштер менен байланышкан. [4, с.15]

**4. Ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар.**

Жыл сайын Кыргыз Республикасында 1,5миң бала өмүрүндө биринчи жолу орточо майыптар деп таанылат. Анын үстүнө статистика алардын санынын өзгөрүүсүз өсүп баратканын көрсөтөт, бул энелердин начар ден-соолугуна, кош бойлуу мезгилиндеги ар түрдүү оорулар жана канааттандыраарлык эмес экологиялык кырдаал менен байланышкан. Ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү (ДМЧ) балдар; Ата-энелер, коом жана мамлекет тараптан өзгөчө багууга жана көңүл буруууга муктаж. Мындай балдардын эң маанилүү көйгөйлөрүнүн бири аларды коомдо социалдаштыруу болуп саналат, бул билим берүү жана тарбиялоо чөйрөсүндө атайын мамлекеттик программаны, бул балдарга коомдун күйүмдүүлүк мамилесин иштеп чыгууну талап кылат. Биздин коомдо ДМЧ балдар өздөрүнүн курбуларынан бөлүнүп калышкан, коомдо аларга күйүмдүүлүк мамиленин маданияты калыптанган эмес. [5, с.28] Атайын социалдык кызматтын жоктугу, көп учурда, аларды коомдон бөлүнүп бечаралык күн көрүүгө дуушар кылат.

**5. Билим берүүнүн сапаты.**

БУУнун Баланын укуктары жөнүндө конвенциясында жана БУУнун комитети биргелешкен стандарттарга ылайык, мамлекеттин милдеттенмеси билим алуу укугун турмушка ашырууда бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө гана эмес, ошондой эле анын баардык деңгээлинде билим берүүнүн сапатын камсыз кылууда турат. Кыргыз Республикасында азыркы убакта конвенцияда бекитилген принциптерди иш жүзүндө турмушка ашыруу үчүн көп тоскоолдуктар бар. Сапатты жогорулатуу үчүн тиешелүү шарттарды, баарынан мурда: баардык зарыл сабактар боюнча профессионалдык педагогдордун жетиштүү санын; окутуучунун ар бир балага көңүл бурушуна жана ар бир окуучу үчүн өзүнө жараша мамиле табышына табигый мүмкүнчүлүгү болушу үчүн класстардын толукталышы белгиленген ченемден ашып кетүүгө тийиш эместигин камсыз кылуу зарыл. [6, с.47]

Мугалимдердин көпчүлүгүнүн азыркы учурда окуу-усул колдонмолору менен камсыз кылынышы өтө төмөн, башкача айтканда педагогика жагынан билимдердин мүчүлүштүктөрүн өз алдынча толуктоо мүмкүнчүлүгү жок, натыйжада профессионал педагогдордун кетип жатышынын проблемасы билим берүү процессинин сапатына кескин терс таасирин тийгизет. Мындан тышкары мамлекетибизде айлыктын төмөн болушунун айынан көп билимдүү жаштар мугалимдик кесиптен качышып, башка мамлекеттерге мигрант болуп кетишүүдө. Ал эми мугалимдик кесипти аркалаган көп адистер сырттан окуган жаштар. Мына ушунун натыйжасында өлкөбүздө билим берүүнүн сапаты аябай төмөн. Кыргыз Республикасынын келечеги кең,жаркын болушун кааласак өсүп келе жаткан муунга туура тарбия,туура билим берүүбүз зарыл. [7, с.15]

**Балдардын жетишсиз тамактанышы.**

Жетишсиз жана кем тамактануу Кыргызстандын калкынын көпчүлүк бөлүгүнүн көйгөйү. Бул аш болумдуу заттардын: витаминдердин, макро жана микроэлементтердин (кальцийдин, йоддун, темирдин, фтордун, селендин, ж. Б), өтө баалуу белоктордун, майлардын жана углеводдордун (көмүртектин) жетишсиздиги, ошондой эле алардын рационалсыз катышы менен байланышкан.

1-11 жаш куранындагы балдардын чала тамактанышы өтө олуттуу көйгөй болуп эсептелет, алардын арасында 6 пайызы чала тамактангандар катары аныкталган, 2005-жыл үчүн маалыматтар боюнча алардын 4,6 пайызы - балдар жана 7,4 пайызы - кыздар. 2-5 жаш курагындагы балдардын арасында арыктап кетүү бардыгынан көбүрөөк байкалат, мында 2 жаш курагындагы арыктап кеткен кыздар балдарга караганда эки эсеге көбүрөөк. [8, с.15]Чала тамактанышкан мектепке чейинкилердин (1-6 жаш) үлүшү 5,6 пайызды түзөт, ошол эле убакта 7-10 жаш курактагы мектеп окуучуларынын үлүшү - кыздар арасында 8,9 пайызды жана балдар арасында 4,4 пайызды түзөт. [9, с.134]

Улуттук статистика комитетинин 2005-жылга маалыматтары боюнча мектепте чейинки балдардын арасында арыктыктан жапа чегишкендердин көбүрөөк салыштырмалуу салмагы Чүй, (11,4 пайыз), Талас (6,6 пайыз), Ош (6,4 пайыз) , Нарын (5,1 пайыз) облустарында, ал эми 7-11 жаш курактагы балдардын арасында - Нарын (8,8 пайыз), Чүй (8,8 пайыз), Ош (7,6 пайыз), Баткен (6,0 пайыз) облустарында байкалган. [10, с.112]

Жогорудагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн сунуштар :

1. БУУнын баланын укуктары боюнча комитетинин сунуштарынын аткарылышына көз салып туруучу көз карандысыз орган түзүү.
2. Билим берүү программаларын иштеп чыгууну мугалим - практиктердин түздөн-түз катышуусу менен турмушка ашыруу.
3. Билим берүү мекемелеринин бюджетин бөлүштүрүүнүн ачыктыгын камсыз кылуу.
4. Үй-бүлөлүк зомбулуктун фактысынын өзүн болтурбоо үчүн адамдын менталитетин өзгөртүү, укуктарды кайсындай болбосун тебелеп - тепсөө жол берилгистей жана коом айыптай тургандай шарт түзүү абзел.
5. Укуктук сабаттуулукту жогорулатууга, үй-бүлөдө, коомдо, мектепте мамиле жасоого, жүрүм-турумдун психологиясына, жаңжалдан алыс болуунун методдоруна үйрөтүүгө багытталган программа керек.
6. Кароосуз жана багуусуз калган балдарга, социалдык тейлөөнүн объектилери катары, социалдык кызматтар, эң оболу социалдык мекемелер тарабынан, толук даражада көрсөтүлүүгө тийиш.
7. Балдардын көйгөйлөрүн чечүүдө, алардын укуктарын, биринчи кезекте, БУУнун Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда аныкталган үй-бүлөдө жашоо укуктарын коргоодо билим берүүнү башкаруу, социалдык коргоо органдарынын, укук коргоо органдарынын, прокуратуранын, иш менен камсыз кылуу борборунун, саламаттык сактоонун жана башкалардын күч-аракеттерин мамлекеттик деңгээлде так кординациялоо зарыл.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Баланын укуктары жөнүндөгү конвенциянын расмий текстти 61-пленумдуе жыйналыш, 1989-жылы 20-ноябрда.
2. Кыргыз Республикасынын үй - бүлө кодекси.
3. Кыргыз Республикасынын балдардын укугу жөнүндө кодекси.
4. Кыргыз Республикасынын мыйзамы билим берүү жөнүндө. 2003-жыл 30-апрель № 92.
5. "Бала дебей, чоңдой көргүлө" "Үй-бүлө, тынчтык, ынтымак жана өз ара кечиримдүүлүк жылынын" алкагында жогорку окуу жайларынын

студенттеринин арасында Януш Корчактын жаркын элесине арналып өткөрүлгөн илимий практикалык конференциянын макалалар топтому. – Бишкек, 2012.

6. Жашы жете электерге нике кыюу диний каадаларына тыюу салган мыйзамдын жоболору жөнүндө чектеш аймактардын жааматтарын маалымдоо боюнча маалыматтык компаниясын жүргүзүү үчүн практикалык колдонмо. – Бишкек, 2018 – 44 б.
7. Кыргызстандагы балдардын абалы 2007-жыл/Чыгар.жооптуу. Ж. Т. Жумаева ж.б:Кириш сөз жалпы ред:А. Р. Алишева; Которгон: Ж. Тынаев. Адам укуктары боюнча кеңеш. – Бишкек, 2008 – 202 б.: табл.
8. Кыргызстандагы жетим балдар көйгөйлөрү [Текст] //Шоокум – 2014. – №11. – Бишкек, – 2023.
9. Силердин укугуңар. Шабельник Е. С, Каширцева Е. Г. – М., 1995.
10. Темирбай Н. М., Бекназаров Ж. Проблемы подросткового возраста. Макала https://jarchy.arabaev.kg/admin-admin/fotogalere/1550050359_59-63.PDF

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Бекбоева А.К.**